УДК:37:159.923 (575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-240-244

**ӨМҮРОВА А.А., ӨМҮРАЛИЕВА Ч.А.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
**ОМУРОВА А.А., ОМУРАЛИЕВА Ч.А.**
КНУ имени Жусупа Баласагына
**OMUROVA A.A., OMURALIEVA CH.A.**
KNU Jusup Balasagyn

# НОВАТОР-АГАРТУУЧУ КӨКӨБАЙ МАМБЕТАЛИЕВ

## КОКОБАЙ МАМБЕТАЛИЕВ — НОВАТОР-ПРОСВЕТИТЕЛЬ

## KOKOBAI MAMBETALIYEV — INNOVATOR AND EDUCATOR

**Кыскача мүнөздөмө:** Аталган илимий макалада кесипкөй эмгек сиңирген мугалим, Көкөбай Мамбеталиев жөнүндө сөз болот. Совет доорунун гумандуу, мугалими улуттун сабатсыздыгын жоюуда, кужүрмөн, эмгеги жана тажрыйбасы, аркылуу педагогикалык ишмердүүлүгү уланткан. Ал өз өмүрүн кыргыз билим берүүсүн өнүктүрүүгө, өзгөчө, айыл жергесине арнап, окучуулардын окуу тайрыйбасын жогорлатуу үчүн окутуунун прогрессивдүү ыкмаларын киргизген. Жаш муунду, өзгөчө инсан катары калыптануу процесси активдүү катышкан, жана тарбиялоодо улуттук маданиятыбыздын калыпнышына жана окуучулардын руханий жактан өсүп-өнүгүшүнө салым кошкон. Нарын өрөөнүндө Көкөбайдын элдин сабатсыздыгын жою үчүн жасаган эмгегин, али күнгө чейин сый урмат менен айтышып, улуулардан, жаш муундарга чейин, аңыз кепке айлантып сөз кылышат. Балдарга билим, тарбия гана бербестен, ар бир баланын гумандуу инсан болуп калыптанышына шарт түзгөн. Жогорку натыйжа бере турган алдынкы педагогикалык тайрыйбанын негизги усулдары жана ыкмаларына көнүл бурабыз.

**Аннотация:** Это научная статья о профессиональном педагоге Кокобай Мамбеталиеве. Гуманный учитель советской эпохи, он своим упорным трудом, трудом и опытом в ликвидации неграмотности нации продолжил свою педагогическую деятельность. Начав учителем, он повысил свое образование и был удостоен звания «Герой Социалистического Труда», неустанно продолжая свою просветительскую работу. Он внес вклад в формирование нашей национальной культуры и духовный рост студенчества, обучая и воспитывая молодое поколение. Чтобы устранить невежество жителей Кочкорской долины, о Кокобае до сих пор Кокобай говорят с уважением, от старших до молодого поколения, превращая его в легенду. Детям уделяется внимание образованию и воспитанию, но и создаются условия для развития каждого ребенка как личности. Адаптированы к основным методам и методом передовой педагогической практики, которые дадут высокие результаты.

**Abstract:** This is a scientific article about the prpfessional teaacger Kokobai Mambetaliv. A humane teacaher of Soviet era, he continued his teaching teaching career with his hard work, labor and experience in eliminating the illiteracy of the nation. Having started as a teacher, he improved his education and was awarded the title“Hero of Socialist Labor,” tirelessly continuing his educational work. He contributed to the formation of our national culture and the spiritual growth of students, teaching and educating the younger generation. To eliminate the ignorance of the residents of the Kochkor Valley, Kokobay is still spoken of with respect from the elders to the younger generation, turning him into a legend. Attention is paid to children's education and upbringing, but conditions are also created for the development of each child as an individual. Adapted to basic methods and best teaching practices that will give high results.

**Негизи сөздөр:** сабатсыздык; тажрыйба; гумандуу педагог; эмгек сиңирген мугалим; педагогикалык ишмердүүлүк.

**Ключевые слова:** неграмотность; опыта гуманный учитель; заслуженный учитель; педагогическую деятельность.

**Keywords:** illiteracy; experience; humane teacher; honored teacher; pedagogical activity.

Көкөбай Мамбеталиев — агартуу тармагынын көрүнүктүү өкүлү.

Киришүү. Кыргызстандын агартуу тарыхында элге болгон кызматын талыкпай

арнаган мугалимдердин арасында Көкөбай Мамбеталиевдин ысымы өзгөчө урмат менен аталат. Ал өз мезгилинде терең көз караштуу, алдыны көрө билген жана коомдук ишке берилген инсан катары белгилүү болгон. 1941–1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы үзүрлүү эмгеги үчүн ага «Эмгек Кызыл Туу» ордени ыйгарылган. 1964-жылы Көкөбай Мамбеталиев Кыргыз ССРинин «Эмгек сиңирген мугалими» наамына ээ болгон. 1968-жылдын 1-июлунда СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен ага «Социалисттик Эмгектин Баатыры» деген эң жогорку наам ыйгарылып, «Ленин» ордени жана «Орок жана Балка» алтын жылдызы тапшырылган.

Негизги бөлүк. Белгилүү педагог 1913-жылдын 10-январында Нарын облусунун Кочкор районуна караштуу Дөң-Алыш айылында дыйкан үй-бүлөдө жарык дүйнөгө келген. Атасы Мамбетаалы өз доорунда акылмандыгы жана элге болгон кең пейилдиги менен айырмаланган инсан болгон. Көкөбай он беш жашка чейин ата-энесинин колунда тарбияланып, жаштайынан сылык, сергек, тырышчаак жана жөнөкөй мүнөзү менен айырмаланган. Анын пикиринде, тарбия берүү – бул көп кырдуу жана жоопкерчиликтүү иш, ал мектеп менен коомдун биргелешкен аракетин талап кылат. Үй-бүлө болсо жаш муун үчүн биринчи тарбиянын башаты жана турмуштук мектеби болуп саналат [1, б. 85].

Көкөбай Мамбеталиевдин зээндүүлүгү жана билимге болгон умтулуусу эрте кезден эле байкалган. Атайын педагогикалык окуусун толук аяктап үлгүрө электе эле ал сабатсыздыкты жоюу иштерине катышып, элди окутууга бел байлаган. 1930–1936-жылдар аралыгында ал жаштардын билим деңгээлин жогорулатууда, сабатсыздыкты жоюуда жигердүү иш жүргүзгөн. Бул жылдары ал педагогикалык жөндөмүн көрсөтүп, мугалимдик иштин түйшүгүн өз милдети катары кабыл алган.

1930-жылдардагы Кыргызстанда билим берүү тармагы олуттуу көйгөйлөргө туш болгон: мектептер жетишсиз, окуу куралдары тартыш, мугалимдер аз болчу. Ушундай оор шартта өзүнүн билимге болгон берилгендиги менен айырмаланган Көкөбай Мамбеталиев сыяктуу мугалимдер өлкөдө агартуу ишин өнүктүрүүгө зор салым кошушкан. Эл ичинде аларды “Дүйшөндөр” деп атап, билимге болгон ишенимдин жана жарык келечекке умтулуусунун символу катары көрсөтүшкөн.

Өкмөттүн жана партиянын тапшырмасы менен Көкөбай Мамбеталиев Ош облусунун Сузак районундагы Орто-Жийде айылында башталгыч класстардын мугалими болуп иштеп, сабатсыздыкты жоюу иштерине жетекчилик кылган. 1941-жылы ал өзүнүн туулган аймагындагы Талаа-Булак айылындагы жети жылдык мектепке директор болуп дайындалган жана ошол эле учурда окуу бөлүмүнүн башчысы кызматын аркалаган. Согуштун оор шарттарына карабастан, ал билим берүү тармагындагы ишин улантып, мектеп ишин үзгүлтүккө учураткан эмес.

Согуштан кийинки жылдары ал Пржевальск (азыркы Каракол) шаарындагы мугалимдер институтунун табигый-география факультетинде сырттан окуп, 1951-жылы жогорку билим алып бүткөн. Ошондон тарта биология сабагынан сабак берип, окуу процессин практикалык иш менен айкалыштыруу демилгесин көтөргөн. Ал өз мектебинде окуучулар үчүн музей уюштуруп, өсүмдүктөрдүн гербарийлерин жана жаныбарлардын кебин даярдап, сабакты жандуу формада өткөргөн. Натыйжада мектепте 1000ден ашык экспонаты бар зоологиялык музей түзүлүп, окуучулардын изденүүсүнө жана илимий дүйнө таанымына шарт түзүлгөн [2, б. 3].

Көкөбай Мамбеталиев өмүр бою эл агартуу ишине, жаш муундун билим алуусуна жана руханий өнүгүшүнө кызмат кылган көрүнүктүү педагог болгон. Анын талыкпас эмгеги, жаңычыл көз карашы жана элге болгон сүйүүсү кыргыз билим берүү тарыхында өчпөс из калтырды. Көкөбай Мамбеталиевдин агартуудагы ишмердүүлүгү бүгүнкү мугалимдер үчүн үлгү болууга тийиш.

Зоологиялык музейди уюштуруу жана педагогикалык жаңычылдыктар. 1963-жылы Көкөбай Мамбеталиевдин демилгеси жана мектеп жамаатынын колдоосу менен айылдык мектептин базасында зоологиялык музей негизделген. Бул музейди уюштуруу иши педагогдун жаратылыш илимдерине болгон кызыгуусунун жана окутуу процессин жандандыруу максатынын жыйынтыгы болгон. Ал музейди түзүүдө жаныбарлардын кебин даярдап, аларды сабак өтүүдө колдонуу аркылуу «көрсөтмөлүү окутуу ыкмасын» активдүү жайылткан.

Мамбеталиевдин бул усулу окуучулар үчүн биология сабагын жандуу жана кызыктуу формада өткөрүүгө өбөлгө түзгөн. Натыйжада окуучулар теориялык билимди гана эмес, жаратылыш дүйнөсүн практикалык изилдөө аркылуу да терең өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк алышкан. Бул ыкма анын педагогикалык ишмердүүлүгүнүн өнүгүүсүндө жаңы этабы

болуп, окутуунун мазмунун сапаттуу деңгээлге көтөргөн.

1954–1961-жылдары ал мектептеги негизги окутуу иши менен катар бир катар жаныбарлардын – карышкыр, аркар, түлкү, эчки, теке, кулжа, суур жана башка түрлөрдүн кебин даярдоого өзгөчө көңүл бурган. Бул эмгектер музейдин экспонаттык фондун байытып, биология сабактарын көрнөктүү жана таасирдүү өткөрүүгө шарт түзгөн.

1967–1968-жылдары Мамбеталиев түзгөн музейдин айрым экспонаттары Кыргыз ССРинин Билим берүү министрлигинин чечими менен Бишкек шаарына жиберилип, республика деңгээлиндеги илимий-педагогикалык көргөзмөдө көрсөтүлгөн. Ал көргөзмөдө аталган музейдин үлгүлөрү жогорку баага ээ болуп, айрым экспонаттар Москва шаарында өткөн Бүткүл Союздук Эл чарбасынын жетишкендиктеринин көргөзмөсүнө (ВДНХ) жиберилген [3; 4].

1. Педагогикалык окутууга артыкчылык берүү [5]. Көкөбай Мамбеталиев билим берүүдө тажрыйбалык үйрөнүүгө жана практикалык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурган. Ал түзгөн зоологиялык музей аркылуу окуучуларга жаратылышты китеп баракчаларынан эмес, түздөн-түз чыныгы үлгүлөр менен таанууу мүмкүнчүлүгүн түзгөн. Бул ыкма балдардын табигый илимдерге болгон кызыгуусун арттырып, биологиялык түшүнүктөрдү терең жана туруктуу өздөштүрүүгө шарт түзгөн. Ошондой эле окуучуларды өз алдынча изилдөөгө, байкоо жүргүзүүгө жана жаратылыш менен болгон байланыштарын кеңейтүүгө шыктандыра алган.

Көкөбай Мамбеталиевдин педагогикалык ишмердүүлүгүндө бир катар инновациялык ыкмалар кеңири колдонулган. Анын методдору бүгүнкү күндөгү заманбап билим берүүнүн концепцияларына негиз болгонун белгилөөгө болот. Агайдын окуу процессине киргизген төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрү илимий изилдөөлөр үчүн да чоң кызыгууну жаратат.

2. Сурамжылоого негизделген жана изилдөөгө багытталган окутуу. Окуучулар менен чогуу айлана-чөйрөнү изилдеп, табигый материалдарды – өсүмдүк, жаныбар үлгүлөрүн чогултуу жана аларды документтештирүү аркылуу талаа изилдөөлөрүн жүргүзгөн. Бул ыкма окуучунун өз алдынча байкоо жүргүзүү, илимий изилдөө жүргүзүү көндүмдөрүн калыптандырууга өбөлгө түзгөн.

3. Критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү [7]. Мамбеталиев сабак өтүүдө окуучуларга реалдуу турмуштан алынган мисалдарды талдоону жана салыштырууну сунуш кылган. Бул аларда фактыларды терең аңдап-түшүнүү, ой жүгүртүүнү өнүктүрүү жана илимий негизде тыянак чыгаруу көндүмдөрүн калыптандырган. Мындай ыкма окуучулардын жаратылышка болгон кызыгуусун арттырып, изилдөөчүлүк жөндөмүн өстүргөн.

4. Жергиликтүү маданият менен экологияны билим берүү процессине интеграциялоо. Агай окуу мазмунун аймактагы биологиялык ар түрдүүлүккө жана экологиялык көйгөйлөргө ылайыкташтырган. Окуучулар жаратылышты сактоо, айлана-чөйрөнү коргоо сыяктуу коомдук мааниси бар иштерге тартылып, билим берүү менен коомдук турмуштун байланышын терең түшүнө башташкан. Мындай иш-аракеттер окуучуларды жаратылышты урматтоого жана жарандык жоопкерчиликке тарбиялаган.

5. Окуучуга багытталган окутуу ыкмасы [6]. Билим берүү процессин кызыктуу жана активдүү кылуу үчүн ал сабактарда демонстрацияларды, эксперименттерди жана билим берүүчү экскурцияларды кеңири колдонгон. Бул – билимдин жандуу, практикалык формада берилүүсүнө жана ар бир окуучунун жекече өзгөчөлүктөрүнө ылайык окутууга шарт түзгөн.

Көкөбай Мамбеталиевдин агартуучулук ишмердүүлүгү педагогикалык илим үчүн баалуу тажрыйба болуп саналат. Анын окутуудагы ыкмалары жана билим берүү жаатындагы демилгелери 1930-жылдардан баштап эле азыркы замандын инновациялык методдорунун өзөгүн түзгөнүн байкоого болот. Бирок ал кезде бул ыкмалар системалуу түрдө колдонула элек болгон. Педагогдук кесип ага жөн гана иш эмес, жашоосунун мааниси болгон. Ал өзүн толук бул тармакка арнап, кесибине жан дүйнөсү менен берилген инсан катары тарыхта калды. Анын эмгеги ошол эле учурда жогору бааланып, кийинки муундарга өрнөк боло турган мурас катары сакталып келет. Урпактарга калтырган мурас жана тарыхый балуулуктары.

Көкөбай Мамбеталиев — Кыргызстандын агартуу тарыхында алгачкы жолу айылдык мектепте эмгектенген жөнөкөй мугалим катары «Социалисттик Эмгектин Баатыры» наамына татыган инсан болгон. Анын педагогикалык ишмердүүлүгү, сабак өтүүдөгү ыкмалары жана окуучуларга болгон өзгөчө мамилеси билим берүүдө жаңы

ыкмаларды иштеп чыгууга жана колдонууга чоң салым кошкон.

Мамбеталиев салттуу жаттап окутуу ыкмасынан баш тартып, анын ордуна көрсөтмөлүү, кызыктуу жана мазмундуу билим берүү формаларын сунуштаган. Ал билимди окуучулар үчүн жеткиликтүү жана түшүнүктүү кылып берүү максатында жаратылышка, практикага жана өз алдынча изилдөөгө негизделген окутууну артык көргөн. Бүгүнкү күндө анын бул мамилеси заманбап билим берүүнүн өзөгүн түзүп, актуалдуулугун жоготпой келет. Айылдык билим берүү инфраструктурасынын абалы тууралуу тынчсызданган Мамбеталиев өзүнүн Дөң-Алыш айылында жаңы заманбап мектеп куруу маселесин көтөрүп чыккан. Ал мезгилде айылдагы мектеп 1930-жылы курулган эски, жылуулук менен камсыз болбогон, шарттары начар имаратта жайгашкан болчу. Мектеп салуу демилгеси ал кездеги Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин төрагасы Турдакун Усубалиевдин колдоосу менен ишке ашкан. Жаңы мектеп Кочкор районунун Кара-Мойнок айылы менен чектеш аймактан курулуп, 1977–1978-окуу жылында расмий түрдө ачылган. Ага чейин ал окуу жай Талаа-Булак орто мектеби деп аталып келген.

Көкөбай Мамбеталиевдин агартуу тармагына кошкон эбегейсиз салымын эске алуу менен Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин токтому менен жаңы ачылган мектепке анын ысымы ыйгарылып, «Көкөбай Мамбеталиев атындагы орто мектеп» деген расмий макам берилген. Бул мектеп бүгүнкү күнгө чейин өз ишин улантып, анын мурастарын сактап келе жатат. Мектептеги музей болсо жаш муундарга мугалимдин бай тажрыйбасын жана мурасын таанытып, педагогдор үчүн да дем берүүчү булак болууда.

Бүгүнкү күндө Көкөбай Мамбеталиев атындагы орто мектеп өз ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз улантууда. Мектепте жалпысынан 35 мугалим эмгектенип, жаш муундарга татыктуу билим берүүдө. Учурда бул окуу жайда 555 окуучу билим алып жатат: алардын ичинен 188 бала башталгыч класстарда, 367 бала жогорку класстарда окушат. Кочкор өрөөнүндө Көкөбай Мамбеталиевдин агартуу тармагындагы зор салымы али күнчө урмат-сый менен эскерилет. Анын ысымы жергиликтүү эл арасында ар дайым сыймык менен айтылып, жаштарга өрнөк катары көрсөтүлүп келет.

Жыйынтыктап айтканда, Көкөбай Мамбеталиев – билим берүү тармагында реформатор катары таанылган, өзүнүн жашоосун толугу менен мугалимдикке арнаган инсан. Анын ишмердүүлүгү, жаңычыл ыкмалары жана коомго кошкон салымы өлкөбүздүн агартуу тарыхында өзгөчө орунду ээлейт. Анын мурасы – муундан муунга өтүп жаткан тарыхый жана маданий баалуулук катары сакталып, жаш муундарга дем берүүчү үлгү бойдон калууда.

**Колдонулган адабияттар**

1. Кыргызстанда атактуу мугалим Апыш Койчумановдун педагогикалык идеалары жөнүндө//Өмүрова А.А. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы 2022 №3 (111) 85-бет
2. Кыргыз энциклопедиясы. Бишкек шаары-1968ж
3. Мамбеталиев К. Тарбиялоонун маңызы // Мугалимдер газетасы, 1969-ж. № 94, 8-бет.
4. Фаризат Асанкалиева «Атанын сөзү акылдын көзү». Социалисттик эмгектин баатыры, эмгек сиңирген мугалим. -1995-жыл 333-335-бет.
5. Сулайманова Р.Т. Ориентация будущих учителей на гражданское воспитание учащихся через эпос “Манас” / Р. Т. Сулайманова, К. А. Таалайбек // Вестник физической культуры и спорта. – 2021. – № 1(27). – С. 61-67.
6. Эгамбердиева А. А. Мектеп бүтүрүүчүлөрүн жогорку билим алууга болгон кызыгуусун арттыруу / А. А. Эгамбердиева, Д. С. Жылчиева // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2023. – №. 2(114). – Р. 72-77. – DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-72-77. – EDN WBQTTK.

**Рецензент: п.и.к., доцент Жуматаева А.С.**